Б.Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын, Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин жана И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин алдындагы К 13.22.653 Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү С.Джолдошбекованын, 13.00.01.- жалпы педагогика , педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча, педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **Ташбаева Гүлмайрам Абдиашимовнанын «Салттуу кыргыз үй – бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата эненин ролу жана аны азыркы мектеп практикасында пайдаланууну өркүндөтүү»** аттуу темадагы диссертациясына

## ПИКИРИ

**Теманын адистикке дал келиши.** Изденүүчү Ташбаева Гүлмайрам Абдиашимовна тарабынан даярдалган «Салттуу кыргыз үй – бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата эненин ролу жана аны азыркы мектеп практикасында пайдаланууну өркүндөтүү» аттуу диссертациясы өзүнүн обьектиси, предмети, изилдөө методдору боюнча К 13.22.653 Диссертациялык кеңештин багытына, профилине туура келет.

Иште, кыргыз элинин менталитетине, философиясына, психологиясына таандык, ошолордон келип чыккан жана кылымдар бою элдик практикада апробацияланган тарбиялык потенциалдар көрсөтүлгөн. Кыргыз эл педагогикасында, анын ичинде ата-энелердин балдарды тарбиялоодо эмгек жалпы адамзаттык, универсалдык, этникалык жана индивидуалдык баалуулук катары каралат да, адамдын тарбия алгандыгынын эң биринчи багыты, анын эмгекти сүйөрлүгү, эмгектене билгендиги менен өлчөнөт. Улуттун өзүн-өзү аңдап түшүнүүсү азыркы этапта сөзсүз түрдө ошол улуттун башаттары, тарыхый тамыры менен байланышары талашсыз. Элдин жашоосундагы эмгекке тарбиялоо элдик педагогиканын идеясы – жалпы

адамзаттык мааниге ээ, тарбиялоонун бул түрүсүз акыл-эс, эстетикалык, адептик, дене-бой тарбиясы өз деңгээлинде ишке ашпайт жана алардын баары эмгекке тарбиялоодон келип чыга тургандыгы тууралуу стратегиялык маселелер катары каралаары айтылып, **13.00.01. - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.**

**Теманын актуалдуулугу.** Ал эми улуттук негизге таянган кыргыз мектептери ушул тапта өзүнүн атуулдук позициясы калыптанган, ар тараптан тарбияланган инсанга муктаж. Мына ушул муктаждыкты канааттандыруу үчүн азыркы кыргыз педагогикасы элдик тарбиянын салттары менен тарбиялоонун ыкмаларын жана жолдорун көрсөткөн илимий жоболорго, теориялык жана практикалык сунуштарга муктаж.

Кыргыз эл педагогикасынын эмгекке тарбиялоо жана балдарды социалдаштыруу боюнча тажрыйбалары коомдук турмуштун деградациясындагы, массалык маданияттын туура эмес таасириндеги адепсиз, жалкоо, кылмышкер, ж.б. терс сапаттагы балдардын азаюусуна өбөлгө түзүп бермек. Билим берүү уюмдарындагы тарбиялоо практикасы тарбиялануучулардын улуттук жана регионалдык озгөчөлүктөрүн, элдик акылмандыктын салттарын, этнопсихологиялык кырдаалдарды эске албаган учурда өз натыйжасын биз каалагандай көрсөтө албай тургандыгын тастыктаган.

**Изилдөөнүн максаты:** Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодогу ата-эненин ролу жана аларды азыркы мектеп тажрыйбасында пайдалануунун жолдорун, ыкмаларын теориялык жактан ачып берүү. Коюлган максат төмөнкү милдеттердин ишке ашуусу аркалуу жетишилген.

**Изилдөөнүн милдеттери:** Кыргыз салттуу үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоодогу ата-эненин милдеттеринин мазмунун, ишке ашыруу жана аларды азыркы учурда колдонуунун маани-маңызын аныктоо.

1. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоодо ата-эненин ролунун көрсөтүүнүн илимий-педагогикалык эволюциясына анализ жүргүзүү.

2. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоодо ата-эненин ролунун көрсөтүүнүн жана аларды азыркы мектепте колдонууну изилдөөнүн баяндамаларын, методологиялык таянычтарын жана усулдарын аныктоо.

3. Кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоодо ата-энелердин колдонгон ыкмаларын, көлөмдөрүн, каражаттарын аныктоо жана аларды азыркы мектепте колдонуунун мүмкүнчүлүктөрүн сунуш кылып, аларды педагогикалык тажрыйбада сынактан өткөрүү.

**Изилдөөнун объектиси катары,** кыргыз элинин салттуу тарбия маданиятындагы жаш муундарды эмгекке тарбиялоо тажрыйбалары алынган.

**Изилдөөнүн методдору коюлган милдеттерге дал келет**. Алсак, изилдөөлөрдүн жүрүшүндө илимий адабияттар анализи, теманын ири илимий программалар (долбоорлор) же негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы. Диссертация «Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы» аттуу нормативдик документтин идеялары жана Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин мектепке чейинки жана башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы кафедрасынын 2012-2020-жылдардагы илимий-изилдөө иштери менен байланышкан.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык мааниси:**
«Салттуу кыргыз үй-бүлөсү», «Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү эмгекке тарбиялоо», «Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү эмгекке тарбиялоодо ата-эненин ролу» түшүнүктөрү заманбап илимий категориялар менен ачылып берилгендиги; элдик педагогикадагы үй-бүлөдө эмгекке тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү, факторлору, усулдары, ыкмалары талдоого алынгандыгы; кыргыз элдик педагогикасынын баалуулуктарынын үлгүсүндө балдарды

эмгекчил болууга ата-энелердин тарбиялоо өзгөчөлүктөрүн бүгүнкү күндө мектептерде пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрү айкындалган.

Изилдөөнүн **тажрыйбалык мааниси** болсо, эмгекте чыгарылган сунуштар жогорку жана орто окуу жайларында кыргыз элдик педагогикасын окуп үйрөнүүдө, кыргыз этнопедагогикасын окутуу мазмунун байытууда, университеттердин жана мектептердин окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорун өркүндөтүп түзүүдө, жогорку окуу жайларында атайын курстарды жана семинарларды өтүүдө, мектептердин тарбиялык иш-чараларында жана тарбиялык сабактарында колдонулушу менен түшүндүрүлгөн.

**Изилдөөдөн келип чыккан** корутундулардын ишенимдүүлүгү жана жыйынтыктарынын негиздүүлүгү ишти аткаруу алдынан белгиленген методологиялык базага жана предметтин, милдеттердин адекваттуу жолдорун комплекстүү изилдөө методдоруна таянып, проблеманы теориялык аспектиден үйрөнүүгө, эмпирикалык материалдарды жыйынтыктоого негизделип, аларды анализдөө жана синтездөө жолу менен максат ишке ашырылган.

**Диссертациялык иштин илимий жыйынтыктары.** Бул багытта изилденген диссертациялык иш, кийинки изилдөөлөр үчүн мааниге ээ боло турган, илимий мүнөздө негизделген жана төмөнкүдөй жыйынтыктар чыгарылган:

**1-жыйынтык. «Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролу жана аны азыркы мектеп тажрыйбасында пайдаланууну изилдөөнүн тарыхый-теориялык өңүтү»** деп аталган диссертациянын биринчи параграфы этнопедагогикадагы «салттуу үй-бүлө» түшүнүгүнүн теориялык жана тажрыйбалык аныктамаларын айкындоого арналган. Азыркы ааламдашуу доорунда, түрдүү маданияттар интеграцияланып жаткан учурда да салттуу үй-бүлө мурдагы ата-бабалардын тажрыйбаларын унутпай, колдонуу керектиги.

Диссертацияда салттуу кыргыз үй-бүлөлөрүн функцияларынын багыттары (репродуктивдүү, чарбалык-тиричиликтик, рекреациондук, эмоционалдык, регенеративдик, руханий, социалдык, таалим-тарбиялык) көрсөтүлүп, ошол функцияларды ишке ашыруучу факторлор алгачкы жолу иштелип чыккандыгы белгиленген. Кыргыз элдик педагогикасына эмгекке тарбиялоого өзгөчө маани берилгендиги ошондой эле, макал-ылакаптардын чоң мааниге ээ болгондугун көрөбүз.

Ыр коштолгон оюндар кыргыз балдарынын күнүмдүк жашоосунун бир бөлүгүнө айланып, алар аркылуу ата-энелер өз перзенттерин эмгекчил болууга көнүктүргөн. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө ата-энелер балдарын коллективдүү жумуштарга (боз үй тигүү, көчтү даярдоо, кийиз жасоо, ууз аш ичирүү, шерине тамак берүү, кереге-уук чабуу, эгин бастыруу, мал айдоо ж.б.) үйрөткөн, ашар жолу балдарды эмгекке активдүү аралаштырган.

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчил кылып тарбиялоо, эмгектенүүгө үйрөтүү ошол үй-бүлөнүн кийинки муундарынын бактылуу жашоосун камсыз кылуучу эң биринчи факторлордун бири, турмушка балдарды даярдоонун башкы каражаты экендиги көрсөтүлөт.

**2- жыйынтык:**

**Изилдөөнүн материалдары катары** этнография илиминин салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө үй-бүлөнүн курулушу, ата-энелик парыз, традиция жана анын үй-бүлөдө сакталышы, нике жана анын мааниси, балдарды тарбиялоодогу үй-бүлөнүн жоопкерчилиги тууралуу изилдөөлөр, эмгектүү оюндардын ичинен чүкө жана ордо оюнуна токтолгон.

**Экинчи бир материалдар тобу** – көркөм адабият. Кыргыздардын салттуу үй-бүлөсүндө эмгекке тарбиялоо идеялары, андагы ата-эненин орду көптөгөн акындардын, жазуучулардын чыгармаларында чагылдырылып, адамдарынын образын жаратып, эмгектин улуулугун баяндайт.

**Изилдөөнүн дагы бир жаңылыгы** – салттуу үй-бүлөдө чоңойгон аксакалдар менен аңгемелешүү, студенттердин жазган эсселери жана аларды анализдөө да көп маанилүү маалыматтарды берген.

Ишти жазууда колдонгон усулдар: кыргыз этнопедагогикасындагы, социологиясындагы, этнографиясындагы идеяларды жалпы педагогика илиминдеги ойлор менен байланыштыруу, б.а., типологиялык салыштыруу методу; башка улуттардагы балдарды эмгекке тарбиялоо салттары менен кыргыз элинин салттарын салыштырма-типологиялык анализдөө усулу; аңгемелешүү усулу (салттуу үй-бүлөдө тарбияланган адамдар ж.б. маалымат берүүчүлөр менен); темага байланыштуу «талаа материалдарын» жазып алуу, ал жерде айтылгандарды видео, аудио форматында сактоо; этнографиялык эмгектерди, тарыхый жазма булактарды этнопедагогикалык аспектиден анализдөө; мектептеги окуу-нормативдик материалдарга талдоо; тарбиялык сабактарды жана айрым предметтерде өтүлгөн сабактарды изилдөө; мектептердеги класстан тышкаркы иштерге катышуу; айылдагы (шаардагы) элдик майрамдар, биргелешип жумуш иштөө (ашар) ж.б. иш чараларга баруу; эксперимент методу ж.б. колдонулган.

Азыркы мектеп тажрыйбасында салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө ата-энелердин эмгекке тарбиялоо салттарын ишке ашыруу боюнча сабак – технология сабагы. Бул сабакта эмгекке тарбиялоо процессинин принциптери (пландуулук; системалуулук; шайкештик; балдардын курак жана психологиялык өзгөчөлүгүн эске алуучулук; билим берүү уюмунун шартына, мүмкүнчүлүгүнө кароо; баланын өнүгүшүнө кам көрүүчүлүк; аң-сезимдүүлүк; активдүүлүк; жөнөкөйдөн – татаалга, жеңилден – оорго баруучулук; көргөзмөлүүлүк; тарыхыйлык; элдик салттарды жана андагы ата-эненин эмгекке тарбиялоо тажрыйбаларын эске алуучулук ж.б.) аныкталгандыгы, интерактивдүү сабактын планы да сунушталгандыгы, илим изденүүчү Ташбаева Гүлмайрам Абдиашимовнанын буга чейин изилдөөгө алына элек маселеге багытталышы болуп эсептелет.

**Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын, мазмунунун жетиштүү санда жарык көрүшү.** Диссертациялык изилдөөдөн алынган негизги жыйынтыктар, жыйынтык-корутундулар КР УАКтын тизмесине кирген же индекстелген системага кирген басылмаларда

диссертанттын жеке авторлугу менен жарык көргөн 11илимий макалада, ошондой эле илимий конференцияларда окулган докладдарда чагылдырылган.

**Методологиялык негиз болгон** тарбиялоо философиясы, педагогика, этнопедагогика, этнография ж.б. илимий багыттагы изилдөөлөргө токтолуп, алардын ойлорун тажрыйбалык эспериментерде колдонулган.

**Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы коюлган изилдөөнүн максатына, милдеттерине толугу менен дал келет. Авторефератта кыргыз, орус, англис тилдеринде окшош резюмелер бар.

**Диссертациянын мазмунунда жана түзүлүшүндө кездешкен кемчиликтер:** -тексте берилген авторлор (диссерт. 38,41,42бб) колдонулган адабияттардын катар сандарында каяктан алынганы, белгиленген эмес, кээ бирлери дал келбейт. Тексте бир нече орусча сөздөр кыргызчага которулбай берилген, мисалы: формалары, наркоман, практика, проблема, запастары, принциби, функциялар, формалык жагы, материалдары, конкретүү, предмет,глава, край, экскурсия ж.б. буларды кыргызчага которуп киргизсе талапка ылайык болот эле.

**Сунуштар.** Диссетарциялык иште көпчүлүк барактарында сүйлөмдөрдө кайра кайра кайталанган сөздөр бар, мисалы (болгон), анын устүнө тексте грамматикалык, орфографиялык каталар көбүрөөк кездешет, ошондуктан, ишти дагы бир жолу оңдоп, түздөп, редакциялап коюш талап кылынат.

**Корутунду.** Изденүүчү Ташбаева Гүлмайрам Абдиашимовна тарабынан даярдалган «Салттуу кыргыз үй – бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата эненин ролу жана аны азыркы мектеп практикасында пайдаланууну өркүндөтүү» аттуу темадагы диссертациялык иши толук кандуу аягына чыккан илимий эмгек болуп эсептелинет. Диссертациясы өзүнүн обьектиси, предмети, изилдөө методдору боюнча К 13.22.653 Диссертациялык кеңештин багытына, профилине туура келет.

13.00.01. - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча, педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга, жогоруда белгиленген мүчүлүштүктөрдү жана кемчилдиктерди жоюлуусу менен коргоого кабыл алууга сунушталат.

Эксперттик комиссиянын мүчөсү: С.А.Джолдошбекова

п.и.к.доцент

С.Н Джолдошбекованын колун тастыктайм.
ЧБ Мамытов

Дата поступления заключения в ДС К 13.22.653
2.04.2024
Уч. секретарь: Карагозуева Г.Ж.